М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети.
Технология жана жаратылышты пайдалануу факультети.

**«Жеңил өнөр жайынын технологиясы» кафедрасы**

Ош технологиялык университетинде

740700 Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо,

570700 Текстиль жана костюм искусствосу,

570020 Кийимдин дизайны

багыттары боюнча кесиптик жогорку билим алышкан бакалаврларга жумуш берүүчү, Ош шаарындагы тигүү, чыгармачылык ишканаларынын жетекчилери жана жеке ишкерлер менен "Жеңил өнөр жайынын технологиясы" кафедрасы, 2017-жылдын 22-июнь күнү өткөргөн тегерек столдун протоколу

Ош ТУ. 2017

1. Тегерек стол « Жеңил өнөр жай технологиялары» кафедрасы тарабынан 2017-жылдын 22-июнь күнү өткөрүлдү.

2. Тегерек столго Ош шаарындагы тигүү, чыгармачылык ишканаларынын жетекчилери жана жеке ишкерлер чакырылды. Чакырылган ишкана жетекчилери жана жеке ишкерлерден төмөндө көрсөтүлгөн жетекчилер жана ишкерлер Тегерек столго катышууга келишти.

• Джапарова Гүлнара Паизовна «Дастан-Стиль» тигүү чакан ишканасынын жетекчиси.

• Кабилова Ж.Т., «Рамазан» тигүү ишканасынын жетекчиси.

• Мырзаев А.М., «Саймалуу –Таш» көркөм галереянын жетекчиси.

• Джалиев У.Б., КР сүрөтчүлөр коомунун Оштогу бөлүмүнүн жетекчиси.

• Жусуева Н.К., «Жусуева Назира Кайназаровна» чакан тигүү ишканаасынын жетекчиси, жеке ишкер.

• Ташбаева А.Б. тигүү өндүрүшүндөгү жеке ишкер.

• Сулейманова Н.Ж., «Золотая Долина» чыгармачылык борборунун аткаруучу директору.

• Эркебаева Ч.М., Дизайн-этнографиялык окуу борборунун директору.

• Бодонова К.К., Тигүү цехинин жетекчиси, жеке ишкер.

• Конокбаева В.А., «Таар-Стиль» чыгармачылык борборунун жетекчиси, жеке ишкер.

• Кулматова А.С., жеке ишкер, чакан тигүү цехинин жетекчиси.

• Ибраева М.Ж.

• Саипова Г. «Lasposo» үлпөт той салонунун директору.

• Капаров Ч.А., жеке ишкер, чакан тигүү цехинин жетекчиси.

• Кадырбекова А.С., жеке ишкер, кийим тигүүчү жана ревстрациялоочу ишкананын жетекчиси.

Ар түрдүү шарттарга байланыштуу чакырылган баардык ишкана жетекчилери жана жеке ишкерлер тегерек столго катышууга келе алган жок.

Тегерек столго «Технология жана жаратылышты пайдалануу» факультетинин деканы, Ош ТУнин окуу бөлүмүнүн жетекчиси жана «Женил өнөр жай технологиялары» кафедрасынын баардык мүчөлөрү катышты.

**3. Тегерек столдун күн тартибинде төмөнкү масалелер каралды.**

• Ош шаарындагы жеңил өнөр жай ишканаларынын азыркы мезгилдеги абалын, өнүгүү багыттарын жана жеңил өнөр жай ишканалары үчүн жогорку квалификациялуу кадрларды, бакалаврларды даярдоого болгон талаптарды талкуулоо.

• «Кийимдин дизайны», «Текстиль жана костюм искусствосу», «Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо» багыттарынын окуу пландарын талкуулоо жана окуу пландардын циклдеринин тандалуучу бөлүктөрүн түзүүгө таалимдерди сунуштоо.

4. Тегерек стол ишин саат 10.30, Ош ТУ библиотекасынын жыйындар залында баштады.

« Жеңил өнөр жай технологиялары» кафедрасынын жетекчиси Арзиев, кафедра тарабынан уюштурулуган Тегерек столго келген катышуучуларга чоң ыраазычылык билдирди.

Келген катышуучуларды бири-бири менен жана кафедранын мүчөлөрү менен тааныштырды.

Тегерек столдун максаты жана күн тартиби менен тааныштыргандан кийин М.Арзиев, Тегерек столдун үстүндөгү пикир алмашууну ачык деп жарыялады.

Пикир алмашууну алып баруу үчүн Тегерек столдун алып баруучусун жана катчысын дайындап алууну сунуштады.

Тегерек столдун төрагасы, башкача айтканда алып баруучусу болуп, көпчүлүк катышуучулардын сунушу менен Джапарова Гулнара Паизовна дайындалды.

Кафедранын мүчөлөрүнүн сунушу менен Тегерек столдун катчысы болуп кафедранын ага окутуучусу Н.С.Абдыкалыкова дайындалды.

**Тегерек столдун биринчи маселеси жана анын талкууланышы.**

5. Төрайым, Тегерек столдун катышуучуларын активтүүлүккө жана өз ойлорун кыска, так айтууга жана столдо катышуучулар тарабынан айтылган ойлорду, сунуштарды кайталобоого чакырды.

Күн тартибиндеги биринчи маселени талкуулоону төрайым өзү баштады.

• Төрайым, Джапарова Гүлнара өзү жетектеген, «Дастан-Стиль» ишканасынын кыскача тарыхына токтолуп, өнүгүү этаптарын жана келечектеги пландарын айтып берди.

Түштүк региондо, Бишкек шаарынын айланасындагыдай өндүрүш зоналары уюштурулбай жаткандыгын белгилеп, эгер аталгандай өндүрүш зоналар Ош шаарында уюштурулса, шаардагы тигүү өндүршүнүн ишканаларынын өнүгүүсүнө жакшы шарттар түзүлмөк деп айтты.

• Кабилова Ж.Т., «Рамазан» тигүү ишканасынын филиалдарын Жалал-Абад, Баткен жана Ош областарынын райондорунун борборлорунда ачып жаткандыгын айтып, филиалдарды ачуудагы болуп жаткан проблемаларга токтолду.

«Рамазан» тигүү ишканасынын продукциясы, келишимдердин негизинде Россиянын баардык региондоруна жөнөтүлүп жаткандыгын айтып, Россиянын шаар жана кыштактарынын эли биздин, тигүү өндүрүшүнүн буюмдарына муктаж экендигин белгиледи.

Адистердин жоктугунан, алыскы чет өлкөлөрдөн сатып алган машиналарды, технологиялык шаймандарды ишке киргизүү жана иштетүү кыйын болуп жаткандыгын айтты.

• Мырзаев А.М., өзү жетектеген «Саймалуу –Таш» көркөм галереянын кыскача тарыхын, өнүгүү этаптарын келечектеги пландарын жана азыркы убактагы ишмердүүлүгүн кеңири айтып берди.

Көркөм чыгармачылык ишканаларынын проблемаларына, улуттук көркөм өнөр буюмдарын жасоочу, чыгармачыл жаштардын аздыгына токтолду.

Ош шаарына келген чет элдик туристердин саны жыл сайын көбөйүп, улуттук көркөм өнөр буюмдарына болгон талаптар өсүп жаткандыгын, бул талап Бишкек шаарынан ишкерлери тарабынан канаттандырылып жаткандыгын, Ош шаарында улуттук көркөм өнөр буюмдарын жасоону жолго коюуну жана өнүктүрүүнү айтты.

• Жусуева Н.К., өзүнүн «Жусуева Назира Кайназаровна» аталыштагы ишканасын, кантип ачкандыгын жана азыркы ишмердилүүгүн айтты. Ишканасын ишке киргизүүдө болгон жана азыркы ишмердүүлүгүндөгү проблемаларга кеңири токтолду.

Ош шаарынын тургундарынын тигилүүчү буюмдарга болгон буюртмаларын аткаруу менен бирге өзүнүн буюмдарын сыртка чыгарып жаткандыгынын сырларын айтып берди.

Жусуева Н.К., Ош шаарында Ош ТУ, Ош МУ, Ош КУУ тигүү өнүрүшүнүн иш канаалары үчүн бакалаврларды, көптөгөн колледждер жана лицейлер тигүү өндүрүшүнүн иш канаалары үчүн жогорку квалификациялуу жумушчуларды даярдап жаткандыгын белгиледи жана бүтүрүүчүлөрдүн баардыгы тигүү цехтерде квалификациялуу жумушчу катары иштеп жаткандыгын айтты.

• Сулейманова Н.Ж., «Золотая Долина» чыгармачылык борборунун кыскача тарыхын айтып, азыркы учурдагы ишкердүүлүгүнө токтолду.

Ош шаарынын тургундарынын тигилүүчү буюмдарга болгон буюртмаларын аткаруу менен бирге тигүүчү ишканалар үчүн тигүүчүлүрдү даярдап жаткандыгын айтты.

Сулейманова Н.Ж. Ош ТУнун бүтүрүүчүсү экендигин белгилеп, «Жеңил өнөр жай технологиялары» кафедрасы, 1991-жылы түзүлүп, КР түштүгүндө тигүү өндүрүшү үчүн жогорку квалификациялуу адистерди даярдоочу бирден бир кафедра болуп эсептелерин айтты жана бул кафедрада ар жылы жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн проблемаларын ортого салып талкуулап турууну сунуштады.

- Кулматова А.С., ишканаасы Ош шаарынын тургундарынын тигилүүчү буюмдарга болгон буюртмаларын аткаруучу ишкана экендигин айтты.

Буюртмалардын саны сезонго жараша өзгөрүп турарын жана ишкананын жумушчулары туруктуу жумуш менен камсыз эмес экендигине токтолду.

Банктар тарабынан берилүүчү кредиттердин проценттик кошуму жогору болгондугуна байланыштуу, ишканага машиналарды жана технологиялык шаймандарды сатып алуу кыйын деп айтты.

- Бодонова К.К., өзү жетектеген тигүү цехи боюнча кеңири маалымат берди жана тургундарынын тигилүүчү буюмдарга болгон буюртмаларын аткаруучу баардык ишканалардын проблемалары окшош экендигин айтты.

Ош шаарынын тургундарынын тигилүүчү буюмдарга болгон буюртмаларын аткаруучу ишканалардын туруктуу иштөөсү үчүн, бул ишканалар сырттан келген кошумча чоң көлөмдөгү буюртмалар менен камсыздалышы зарыл экендигин белгиледи.

6. Сөзгө чыгуучулар аяктап, сөзгө чыгуучулар тарабынан айтылган маалыматтар, проблемалар жана сунуштар талкууланды.

Сулейманова Н.Ж. тарабынан айтылган сунуш баардык катышуучулар тарабынан колдоого алынып, Тегерек столдун биринчи маселеси боюнча төмөнкү токтом кабыл алынды.

**Токтом.**

- Жеңил өнөр жай өндүрүшүндөгү проблемаларды талкуулоо жана чечимдерди иштеп чыгуу үчүн ар жылы, Ош ТУде семинар уюштуруу « Жеңил өнөр жай технологиялары» кафедрасына милдеттендирилсин.
- Семинарга Кыргыз Республикасынын түштүк регионундагы баардык шаарлардагы жана райондордогу тигүү ишканаларынын жетекчилери жана жеке ишкерлер чакырылсын.

Тегерек столдун экинчи маселеси жана анын талкууланышы.

7. Төрайым, Тегерек столдун биринчи маселеси каралып бүткөндүгүн билдирип, катышуучуларды Тегерек столдун экинчи маселесин талкуулоодо дагы биринчи маселени талкуулагандай активтүүлүккө жана өз ойлорун кыска, так айтууга жана столдо катышуучулар тарабынан айтылган ойлорду, сунуштарды кайталабоого чакырды.

• Экинчи маселени талкуулоону **факультеттин деканы Д.А.Жорокулов** баштады. Ал төмөнкүлөргө токтолду: факультетте даярдалган адистиктерге адистиктерди даярдоо үчүн факультетте түзүлүп жаткан шарттарга, факультеттин окутуучулук курамына, факультеттин иш берүүчүлөр менен болгон байланышынын маанилүүлүгүнө.

Жорокулов Д.А., адистиктин окуу планы боюнча маалымат берип, сапаттуу адистерди даярдоого окуу планынын мааниси чоң экендигин белгилеп, катышуучуларды бул маселени талкуулоого активтүү катышууну суранды. Окуу планды түзүүгө, адистерге иш берүүчүлөрдүн катышуусу, жана алардын сунушу менен түзүлүүсү адистерди даярдоодогу чоң жетишкендик экендигин айтты.

**Ош ТУнин окуу бөлүмүнүн башчысы Айтиев М.А.**,адистиктин окуу планынын бөлүктөрү, окуу пландын ар бир бөлүгүн түзүүчү таалимдердин курамы боюнча жана окуу пландагы кредит сааттар боюнча түшүндүрмөлөрдү берди.

Окуу пландын бөлүктөрүнүн базалык бөлүгү, билим берүү стандарттары тарабынан аныкталарын айтып, окуу пландын тандалып алынуучу бөлүгүнө адистикке керектүү таалимдерди сунуштоону жана аны негиздөөнү Тегерек столдун катышуучуларынан суранды.

• **«Жеңил өнөр жай технологиялары» кафедрасынын жетекчиси Арзиев М.**, Тегерек столдун катышуучуларын: Кийимдин дизайны, Текстиль жана костюм искусствосу, Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо багыттарынын окуу пландары менен терең тааныштырып окуу пландардын тандалуучу бөлүгүнө сунуштарды берүүнү суранды.

• **Мырзаев А.М., «Саймалуу –Таш» көркөм галереянын жетекчиси**, «Дүйнө элдеринин оймо-чиймелери жана костюмдары» аталыштагы таалимди Кийимдин дизайны, Текстиль жана костюм искусствосу, Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо багыттарынын окуу пландарына киргизүүнү сунуштады, себеби бул багыттардын бүтүрүүчүлөрүнөн, келечекте ар түрдүү кийимдерди ойлоп табуу жана алардын эскиздерин түзүү талап кылынат, ошондуктан жаңы кийимдерди ойлоп табууга дүйнө элдеринин оймо-чиймелери жана костюмдардын стилдерин , модаларын билүү өтө керектүү башкача айтканда заарыл.

**Бул сунушту Тегерек столдун көпчүлүк катышуучулары колдошту, эч ким каршы болгон жок.**

• **«Жусуева Назира Кайназаровна» чакан тигүү ишканаасынын жетекчиси, жеке ишкер Жусуева Н.К.**, азыркы мезгилде буюмдардын (кийимдердин) эскиздерин, моделдерин жана долбоорлоорун түзүү, долбоорду, өндүрүшкө технологиялык, конструкциялык даярдоонун графикалык жана жазуу иш кагаздарын аткаруу үчүн көптөгөн автоматташтырылган долбоорлоо системалары

(САПР) бар экендигин айтып, бул системалардын түзүлүшүнө, иштөөсүнө, техникалык каражаттарына токтолду.

Тигүү өндүрүшүнүн көптөгөн технологиялык процесстери, атайын програмалар менен компьютер аркылуу башкарылган технологиялык автоматтарда аткарыларын айтты.

Жусуева Н.К. тигүү өндүрүшүнүн келечектеги адиси, азыркы мезгилдин талабына толук жооп бериши үчүн САПРды жакшы билүүсү керек деп, «Кийимди долбоорлоонун автоматташтырылган системасы» (САПР одежды), «Жеңил өнөр жайындагы компьютердик графика» таалимдерин жогоруда көрсөтүлгөн үч багыттын окуу пландарына киргизүүнү сунуштады.

• «Золотая Долина» **чыгармачылык борборунун аткаруучу директору Сулейманова Н.Ж.,** САПР «Грация» жана башка САПРлар боюнча маалыматтарды жана алардын фунцияларын айтып, Жусуева Н.К. сунушун колдоду.

**Бул сунушту Тегерек столдун көпчүлүк катышуучулары колдошту, эч ким каршы болгон жок.**

• **«Таар-Стиль» чыгармачылык борборунун жетекчиси, жеке ишкер Конокбаева В.А.,** жогоруда көрсөтүлгөн багыттардын окуу пландарына «Кол өнөр чыгармачылыгы» (Декоративно прикладное искусство») таалимин кошууну сунуштады жана өзүнүн сунушун төмөнкүлөр менен негиздеди.

Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн ар кандай адиси, кол өнөр чыгармачылыгын билүүсү зарыл, себеби тигүү өндүрүшүнүн буюмдарын, кийимдерди жана, костюмдарды жасалгалоо үчүн кол өнөр чыгармачылыгы колдонулат.

Тигүү өндүрүшүнүн буюмдары, кийимдер жана, костюмдар үчүн аксессуарларды, орнаменттерди жасоо кол өнөр чыгармачылыгысыз мүмкүн эмес. Кыргыз элинин улуттук көркөм кол өнөр чыгармачылыгы унутулуп бара жаткандыгы чындык, ошондуктан ата-бабалардан калган Кыргыз элинин улуттук көркөм кол өнөр чыгармачылыгын жаштарга калтыруу үчүн «Көркөм кол өнөр чыгармачылыгы» таалимин окуу пландарга киргизүү зарыл.

**Бул сунушту Тегерек столдун көпчүлүк катышуучулары колдошту, эч ким каршы болгон жок.**

• **Дизайн-этнографиялык окуу борборунун директору Эркебаева Ч.М.,** жогоруда аталган багыттар боюнча бакалавр наамын алган бүтүрүүчүлөр, элдин буйуртмасы менен иштөөчү, тейлөө ишканаларда иштешет же аталгандай иш каналарды ачышат, ошондуктан аталган багыттарды бүтүрүүчүлөр эл менен тил таап иштешүүнү билүүсү зарыл экендигин айтты.

Эркебаева Ч.М., азыркы мезгилде жаштар, ата-бабаларыбыздын салтын, үрп-адатын, жана ар түрдүү учурларда өзүн алып жүрүү этикаларын билишбегендигине токтолуп, Кийимдин дизайны, Текстиль жана костюм искусствосу, Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана

конструкциялоо багыттарынын окуу пландарына «Заманбап этика» (Современный этикет) таалимин киргизүүнү сунуштады.

**Бул сунушту Тегерек столдун көпчүлүк катышуучулары колдошту, эч ким каршы болгон жок.**

- **«Дастан-Стил» тигүү чакан ишканасынын жетекчиси Джапарова Гүлнара** , Кийимдин дизайны, Текстиль жана костюм искусствосу, Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо багыттарын бүтүрүүчүлөр, ар түрдүү кийимди, костюмдарды тигүүнүн технологиялык процесстерин түзүүнү гана билбестен, технологиялык процесстерди технологиялык машиналарда, автоматтарда жана шаймандарда жогорку сапатта аткарууну билүүсү зарыл экендигин айтты.

«Дастан-Стиль» тигүү ишканасына келген бүтүрүүчүлөр технологиялык процесстерди технологиялык машиналарда, автоматтарда аткара албастыгын, аларды ишканада кийимдерди тигүүгө үйрөтүп жаткандыгын белгилеп, жогоруда аталган багыттардын окуу планына «Адистикке үйрөтүү» (Профподготовка) таалимин кошууну сунуштады.

**Бул сунушту Тегерек столдун көпчүлүк катышуучулары колдошту, эч ким каршы болгон жок.**

- **«Жеңил өнөр жай технологиялары» кафедрасынын жетекчиси Арзиев М.**, , Кийимдин дизайны, Текстиль жана костюм искусствосу, Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо багыттары боюнча билим алуу үчүн келген студенттерди, биринчи курстун биринчи семестиринде келечектеги адистиги менен кеңири тааныштыруу зарыл экендигин айтты, ата-энесинин талаптары менен бул багытка окуйм деп келип калган студенттер адистикке толук ынануусу үчүн.

Арзиев М., университетте окуп билим алган бакалаврлар, илим- изилдөө ишине болгон талаптарды жана аны аткарууну билүүсү керек экендигин айтып, жогоруда аталган багыттардын окуу пландарына «Адистикти таануу» (Введение в специальность) жана « Илим изилдөөнүн негиздери жана студенттик илим изилдөө» таалимдерин киргизүүнү сунуштады.

**Бул сунушту Тегерек столдун көпчүлүк катышуучулары колдошту, эч ким каршы болгон жок.**

8. Окуу планга кошумча киргизүүгө сунуш берүүнү каалоочулар болбогондугуна, байланыштуу сунуштарды талкуулоо башталды. Талкууга сөз алып чыккандар: М.А.Айтиев, Кабилова Ж.Т., Мырзаев А.М., Джалиев У.Б., Жусуева Н.К Сулейманова Н.Ж., Эркебаева Ч.М., Жорокулов Д.А. жана Арзиев М. , баардык сунуштар абдан талданып айтылган сунуштар болгондугун, айтылган сунуштардын баардыгы негизделгенин, окуу план үчүн керектүү сунуштар болгондугун, жана келечекте адистерди даярдоого салым кошуучу сунуштар болгондугун айтышты.

Баардык сунуштар жактырылгандыгына байланыштуу, Тегерек столдун катышуучулары төмөнкүдөй токтом кабыл алууну чечти.

Токтом.

• «Кийимдин дизайны», «Текстиль жана костюм искусствосу», «Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо» багыттарынын окуу пландарынын, Гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклинин тандалуучу бөлүгүнө «Заманбап этика» таалими кошулсун.

• «Кийимдин дизайны», «Текстиль жана костюм искусствосу», «Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо» багыттарынын окуу пландарынын, Математика жана табияттык илимдер циклинин тандалуучу бөлүгүнө « Жеңил өнөр жайындагы компьютердик графика» жана «Адистикке багыт» таалимдери киргизилсин.

• Кийимдин дизайны», «Текстиль жана костюм искусствосу», «Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо» багыттарынын окуу пландарынын, Адистик циклинин тандалуучу бөлүгүнө «Дүйнө элдеринин оймо-чиймелери жана костюмдары», «Кийимди долбоорлоонун автоматташтырылган системасы», Адистикке үйрөтүү», «Көркөм кол өнөр чыгармачылыгы» «Адистикти таануу» жана « Илим изилдөөнүн негиздери жана студенттик илим изилдөө» таалимдери киргизилсин.

• Кийимдин дизайны», «Текстиль жана костюм искусствосу», «Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо» багыттарынын окуу пландарынын, тандалуучу бөлүгүнө киргизилген таалимдердин кредит-саат көлөмдөрү, «Жеңил өнөр жай технологиялары» кафедрасынын жыйынында талкууланып аныкталсын жана окуу пландарга киргизилсин.

Тегерек столдун Төраймы
« Дастан-Стиль» ишканасынын
Жетекчиси: Г.П. Джапарова

Тегерек столдун катчысы
«Жеңил өнөр жай технологиялары»
кафедрасынын ага окутуучусу: Н.С.Абдыкалыкова